При производстве дознания и предварительного следствия главная роль в обеспечении прав и свобод гражданина, его законных интересов принадлежит процессуальным гарантиям законного привлечения лица в качестве обвиняемого. Необходимыми составляющими правоприменения при этом выступают не только нормы процессуального закона, но и гарантии обеспечения прав и свобод гражданина, имеющиеся в конституционном, гражданском, административном, уголовном праве. Совокупность норм, обеспечивающих законность привлечения лица в качестве обвиняемого, в данном случае охватывает такие средства, применение которых нацелено, прежде всего, на то, чтобы ни одно лицо, совершившее преступление, не избежало установленной законом ответственности: никто не подвергался незаконному и необоснованному привлечению к уголовной ответственности или иному ограничению в правах и свободах.

Место и роль органов внутренних дел в механизме обеспечения прав и свобод граждан определяется также необходимостью взаимодействия с судебными и иными органами правоохранительной системы государства.

Правовую основу деятельности судов, прокуратуры, правоохранительных органов исполнительной власти составляют, наряду с отечественным законодательством, и международные договоры Кыргызской Республики, а также признанные нашей страной международно-правовые нормы [1; 2].

Указанные выше органы могут применять международные пакты права граждан и политических прав, международный пакт рассовой, социальной равности, права защиты прав и свобод в сфере гуманитарного права, международные договоры по гражданским, семейным, уголовным делам, правовой помощи.

В международных декларациях по правам человека освещены права и обязанности, но, следуя историческому опыту развития человечества, каждый гражданин должен соблюдать обязанности перед обществом. Ведь общество – это единое целое, которое появилось до основания государств. И это общество находится под защитой правоохранительных органов.

**Список использованной литературы**

1. Магденко А.Д. Правосознание сотрудников органов внутренних дел Российской Федерации в контексте международных стандартов правоохранительной деятельности» (Теоретический и практический аспект): дисс. ... канд. юрид. наук: 12.00.01. – Н. Новгород, 2004, 169 с. РГБ ОД, 61:04-12/1207

2. Всеобщая декларация прав человека: принята 10 декабря 1948 г. на 3 сессии Генеральной Ассамблеи ООН // Международная защита прав и свобод человека: Сборник документов. – Москва: Юридическая литература, 1990.

3. Карыпов Б.К. Роль юридческой ответственоси как средства повышения уровня правового сознания в демократических режимах // Вестник КНУ, 2023, № 4(116), с. 96-100.

УДК 343.1/9(575.2)
DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-123-127

**Бегиев О.А., Токтогазиева А.С.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ

**Бегиев О.А., Токтогазиева А.С.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Begiev O.A., Toktogazieva A.S.**
KNU named after J. Balasagun

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК МЫЙЗАМЫНА ЫЛАЙЫК КЫЛМЫШ ЖАЗАСЫНАН БОШОТУУ ИНСТИТУТУ КАТАРЫ КЫЛМЫШ ЖАСООДОН ЫКТЫЯРДУУ БАШ ТАРТУУНУН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ
# ТЕОРЕТИКО-ПРАВОВЫЕ ОСНОВЫ ДОБРОВОЛЬНОГО ОТКАЗА ОТ ПРЕСТУПЛЕНИЯ КАК ИНСТИТУТ ОСВОБОЖДЕНИЯ ОТ УГОЛОВНОГО НАКАЗАНИЯ В УГОЛОВНОМ ЗАКОНОДАТЕЛЬСТВЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
# THEORETICAL AND LEGAL FOUNDATIONS OF VOLUNTARY RENUNCIATION OF A CRIME AS AN INSTITUTION OF EXEMPTION FROM CRIMINAL PUNISHMENT IN THE CRIMINAL LEGISLATION OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Кыскача мүнөздөмө:** Илимий макалада кылмыш жасоодон ыктыярдуу баш тартуу КРнын жазык мыйзамына ылайык кылмыш жазасынан бошотуу институтунун теориялык жана укуктук негиздери каралды. Эгерде адам кылмышты аягына чейин чыгарууну туюп сезе алса жана аны аяктоого реалдуу мүмкүнчүлүгү болсо, адам даярдалган аракеттерди токтотушу же болбосо кылмыш кылууга түздөн-түз багытталган аракетти же аракетсиздикти токтотушу кылмыш жасоодон ыктыярдуу баш тартуу деп таанылат.

**Аннотация:** В научной статье рассмотрены теоретико-правовые основы добровольного отказа от преступления как института освобождения от уголовного наказания в уголовном законодательстве Кыргызской Республики. Добровольным отказом от преступления признается прекращение лицом приготовительных действий либо прекращение действия или бездействия, непосредственно направленного на совершение преступления, если лицо сознавало и имело реальную возможность доведения преступления до конца.

**Abstract:** The scientific article examines the theoretical and legal foundations of voluntary renunciation of a crime as an institution of exemption from criminal punishment in the criminal legislation of the Kyrgyz Republic. Voluntary renunciation of a crime is recognized as the cessation of preparatory actions by a person or the cessation of an action or inaction directly aimed at committing a crime, if the person was aware of and had a real possibility of bringing the crime to an end.

**Негизги сөздөр:** Конституция; кылмыш; укук; мыйзам; жаза; укуктук мамилелер; укук бузуу; жоопкерчилик.

**Ключевые слова:** Конституция; преступление; право; закон; наказание; правовые отношения; правонарушения; ответственность.

**Keywords:** Constitution; crime; right; law; punishment; legal relations; offenses; responsibility.

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинин 38-беренесине ылайык кылмыш жасоодон ыктыярдуу баш тартуу бул эгерде адам кылмышты аягына чейин чыгарууну туюп

сезе алса жана аны аяктоого реалдуу мүмкүнчүлүгү болсо, адам даярдалган аракеттерди токтотушу же болбосо кылмыш кылууга түздөн-түз багытталган аракетти же аракетсиздикти токтотушу кылмыш жасоодон ыктыярдуу баш тартуу деп таанылат [1]. Кылмыш жасоодон өз ыктыяры менен баш тартуунун маңызы – кылмыш жасоодон өз ыктыяры менен баш тарткан адамдын жүрүм-турумунда бүтүп калган кылмыштын белгилери жана кылмыш жасоого даярдануунун же ага аракет кылуунун белгилеринин жоктугунда. Кылмыш жасоодон ыктыярдуу түрдө токтотулушу кылмышкердин өкүнүү, боор ооруу, өкүнүү сезимдерине жеткиликтүү экендигин көрсөтөт, бул кубулушту мамлекет көзөмөлдөй албайт, анткени ар бир адам өз сезимин өзү башкаруу табияттан берилген.

Ошондуктан, кылмыш жасоодон ыктыярдуу баш тартуу башталган кылмышты аягына чыгаруудан баш тарткан адамды кылмыш жоопкерчилигине тартпоого негиз болуп саналат. Бул учурда адам кылмыштан өз ыктыяры менен баш тарткандыгын оозеки түрдө гана билдирбестен, аны конкреттүү аракети же аракетсиздиги менен ырастоого тийиш. Мындай аракеттерге ыктыярдуу баш тартуу жөнүндө арыздан тышкары, баш тартуунун ыктыярдуулугу жана аягына чейин жеткирүүнүн мүмкүндүгүн түшүнүү менен башталган кылмышты аягына чыгарбоо камтылууга тийиш. Бул аракеттердин бардыгы алардын биримдигинде жана өз ара байланышында каралууга тийиш. Эгерде жогоруда көрсөтүлгөн аракеттер көрүлбөсө, мындай аракеттер кылмыш жасоодон ыктыярлуу түрдө баш тартуу катары эмес, кылмыш жоопкерчилигинен жеңилдетүүчү жагдай катары каралышы мүмкүн.

Кыргыз тилинде «баш тартуу» деген сөз, биринчиден, “макул болбоо”, “кайра кайтуу” жана “айнуу” дегенди билдирет [2]. Эгерде адам өз эрки менен кылмыш жасоодон өз ыктыяры менен баш тартса (айныса), анда бул адам өзү жасабаган кылмышы үчүн жоопкерчиликке тартылышы жөнүндө эч кандай негиз жок жана мындай маселе жаралбашы керек. Башкача айтканда, кылмыш кылуудан өз ыктыяры менен баш тартуу – бул адамдын экономикалык, социалдык, психологиялык жана моралдык мотивдер менен шартталган коомдук пайдалуу жүрүм-туруму болуп саналат.

Адамдын психикалык абалы жана касиеттери, анын иш-аракетинин максаттары жана мотивдерине көз каранды, алар аракеттерде (аракетсиздикте) сырткы көрүнүштө байкалбаса, б.а. кылмыш токтолбосо бул аракет ыктыярдуу баш тартуу болуп саналбайт, анткени башталган кылмыштын аягына чыга электиги зарыл шарт болуп саналат. Мындай жагдай Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинин 38-беренесинин 2-пунктунда көрсөтүлгдөй жасоодон ыктыярдуу баш тартылган жосун кылмыш-жаза жоопкерчилигине алып келбейт. Кылмышты аягына чейин жеткирүүдөн ыктыярдуу баш тарткан адам, эгерде анын иш жүзүндө жасаган жосуну башка кылмыштын курамын камтыса гана, кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылат [1]. Кылмыштан ыктыярдуу баш тартууда тышкы жагдайлар субъекттин кылмышты улантуудан баш тарткан мотивине гана таасир этет. Анткени адам, акыл-эстүү инсан, өз иш-аракеттерин башкарууда өзүнүн эркине көз каранды жана мыйзамсыз кылган аракетине өзү кана жооптуу.

Кылмыштан ыктыярдуу баш тартуу субъекттин кылмыш жасоого болгон жеке, психологиялык мамилесин, башынан өткөн жана өтүп жаткан жагдайларды, өкүнүчтөрдү чагылдырат. Бул жерде коомчулуктун жакшы пикирине ээ болуу каалоосу, ошондой эле жасаган аракети үчүн жазадан коркуу сезимдери болуу керек. Кылмыштан ыктыярдуу баш тартуунун маңызы – бул жүрүм-турумдун субъективдүү жана объективдүү белгилеринин комплекси болуп саналат. Мындай баш тартуунун юридикалык курамы субъект, субъективдүү тарап, объект, объективдүү тарап катары мүнөздөйт.

Кылмыштан ыктыярдуу баш тартуунун субъектиси болуп кылмыш жоопкерчилигине тартылууга жашы жеткен, акыл-эси соо, кылмыш жасаган жеке жак саналат. Бул адам кылмыш жазасынан бошонуу үчүн ал кылмыш кылууга түздөн-түз багытталган аракетин же аракетсиздигин өз ыктыяры менен токтотушу керек. Эгерде анын кылмыштуу аракетин же аракетсиздигин анын өкүлдөрү, тууганадары жана тааныштары токтотсо бул жагдай кылмыштан ыктыярдуу баш тартуу болуп саналбайт жана анын аракетине же аракетсиздигине укуктук баа берилет. Баш тартууга багытталган аракет кылмышка бара турган адам аркылуу токтотулушу же анын активдүү катышуусу менен ишке ашырууга тийиш. Мындай баш тартууга субъект жеке катышуусу зарыл же субъект кылмышты болтурбоого активдүүлүктү аракетин көрүү керек. Эгерде адам реалдуу мүмкүнчүлүктөргө ээ болуп, иш жүзүндө аракет кылбаса, анда бул ыктыярдуу баш тартуунун негиздерине жооп бербейт.

Ыктыярдуу баш тартуунун субъективдүү тарабы адамдын өзү жасаган жосунга (аракетке же аракетсиздикке) жана андан келип чыккан укукка жат кесепеттерге карата мамилеси болуп саналат. Булар ички аң-сезим, мотивдер, сезимдер жана эмоциялар. Ыктыярдуу баш тартуунун субъективдүү жагы «адам кылмыштын аягына чыгуу мүмкүнчүлүгүн билген».

Ыктыярдуу баш тартуунун объектиси болуп кылмыштан баш тартуу эмнеге багытталгандыгы болот, субъект өз аракетинде же аракетсиздигинде мүмкүн болуучу зыяндуу кесепеттерден баш тарткандыгы эсептелинет. Ыктыярдуу баш тартуу объектинин мазмуну тиешелүү ыктыярдуу токтотулган кылмыштын объектисинин мазмуну, ошондой эле келип чыккан коомдук коркунучтуу кесепеттердин мүнөзү менен аныкталат. Бул учурда, аракет ыкмасы ар кандай болушу мүмкүн жана жана мыйзамдуу гана болушу керек.

Ыктыярдуу баш тартуунун объективдүү тарабы болуп белгилүү бир аракеттер же аракетсиздик баш тартуунун бир бөлүгү болуп эсептелинет, алардын кесепеттери, аракеттердин (аракетсиздиктин) жана кесепеттеринин ортосундагы себептик байланышын түзөт. Кылмыштан ыктыярдуу баш тартуунун объективдүү тарабы төмөнкүлөрдү камтышы керек: кылмыштын аяктоо мүмкүнчүлүгүн билүү, баш тартуунун ыктыярдуулугу, баш тартуунун акыркылыгы, жасалган жосунда кылмыштын курамынын жоктугу.

Кылмыш жасоодон ыктыярдуу баш тартуунун кесепеттери болуп, башталган кылмышты аягына чыгарбоо же кылмыштын кесепеттеринин башталышына жол бербөө, башкача айтканда, кылмыштын алдын алуу болуп саналат. Башкача атканда өз ыктыяры менен баш тартуу, эгерде адам бул кылмышты аягына чыгаруудан өз ыктыяры менен баш тартса, кылмыш жоопкерчилигине тартылбай турган шарт болуп саналат.

Кылмыш-жаза укугу ар дайым адилеттүүлүккө, гумандуулукка, жана объективдүүлүккө гана эмес, ушул тармакка багытталган саясий, экономикалык, идеологиялык, укуктук, психологиялык жана социологиялык илимий-изилдөөлөргө да негизделет. Кылмыш-жаза мыйзамы сыртынан окшош көрүнгөн аракеттерди жана аракетсиздерди Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинин 6-главасында так жана туура көрсөткөн, адамдын атайылап кылмыш жасаганга каражаттарды же куралдарды издөөсү же ылайыкташтыруусу, кошо катышуучуларды издөөсү, кылмыш жасоого бүтүмү же болбосо кылмыш жасоо үчүн шарттарды атайылап түзүүсү, эгерде ошол эле учурда анын эркинен көз карандысыз себептер боюнча кылмыш аягына чейин чыгарылбаса, ал кылмышка даярдангандыгы же кылмышка аракет кылгандыгы үчүн жазык жоопкерчилигине тартылат [1].

Эгерде адам белгилүү бир кылмыштуу жосундарды жасап, аларды аягына чейин аткаруудан өз ыктыяры менен баш тартса, ал кылмыш жасоодон өз ыктыяры менен баш тартты деп таанылат, демек, кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылууга жатпайт.Ошентип, кылмыштан өз ыктыяры менен баш тартуу – адамдын кылмышка даярдануу же кылмыш жасоого стадиясында гана мүмкүн болгон аракеттери же аракетсиздиги ыктыярдуу баш тартуу кылмыш-жаза жоопкерчилигин жокко чыгаруучу негиз катары карасак болот.


**Колдонулган адабияттар**

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси: 2021-жылдын 28-октябры № 127 (КР 2021-жылдын 28-октябрындагы № 126 Мыйзамы менен колдонууга киргизилген, КР 2024-жылдын 26-февралындагы № 57. Мыйзамынын редакциясына ылайык) // Маалыматтык-укуктук система «ТОКТОМ мамлекет Про». – Кирүү режими: http://www.toktom.kg/?comp=main&m_t=1.–Экрандагы аталыш.
2. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү / Ж. Осмонова, К. Конкобаев, Ш. Жапаров. – Бишкек: Институт языка и литературы имени Ч. Айтматова НАН КР, 2015.
3. Мавланова А.Б. Принцип демократии как основа становления правового государства в Кыргызской Республике // Вестник КНУ, 2023, № 4(116), с. 100-103.



УДК 347.44

DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-127-132



**Вахрушев Л.А.**

В.Ф. Яковлев атындагы Урал мамлекеттик юридикалык университети, Екатеринбург, Орусия

**Вахрушев Л.А.**

Уральский государственный юридический университет имени В.Ф. Яковлева, г. Екатеринбург, Россия

**Vakhrushev L.A.**

Ural State Law University named after V.F. Yakovlev Ekaterinburg, Russia

SPIN-код: 2921-5663


# КЕРЕКТӨӨ УКУГУ ЖАНА РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ: «А СЕН, БРУТ»

# ПОТРЕБИТЕЛЬСКОЕ ПРАВО И КОНСТИТУЦИОННЫЙ СУД РФ: «И ТЫ, БРУТ»

# CONSUMER`S LAW AND CONSTITUTIONAL COURT OF RF: «ET TU, BRUTE»


**Кыскача мүнөздөмө:** Макала керектөө укугун өнүктүрүү үчүн өтө маанилүү укуктук позицияларды билдирген Орусия Федерациясынын Конституциялык сотунун чечимдеринин бирин талдоого арналган. Автор сот актынын жүйөлүү бөлүгүндөгү аргументтерге сын көз менен карайт, ал керектөөчүнүн да, конкреттүү укук коргоо органынын кызматкеринин да мойнуна керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо идеяларына анча тиешеси жок жагдайларды далилдөөнүн өтө оор жүгүн жүктөйт. Автор керектөө укугунун акырындык менен кайра жаралышы, жарандык жүгүртүүнүн катышуучуларынын эң аз корголгон тобунун кызыкчылыктарын сүрөөгө жана кесипкөй жеке ишкерлерге каршы турууга жөндөмдүү